**Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин 2022-жылдын 1-июнунда болуп өткөн магистрлер менен жолугушуусунун протоколу**

Төрага: Турганбаев Н.

Катчы: Заирова Н.

Катышканы – 48

**Күн тартиби:**

1. Магистрлерден анкета алуу
2. Магистрлердин сунуш-пикирин угуу

**Угулду:**

Жыйындын төрагасы, доцент Н.Турганбаев – Саламатсыңарбы, магистрлер? Бүгүн силерди чогултканыбыздын себеби: факультеттеги окуу-методикалык, илимий, тарбиялык иштердин жүрүшү, ага силердин таасириңер тууралуу сурамжылоо жүргүзүлөт. Анкетадагы суроолорго так, толук жооп берип, сунуш-пикирлерди да так жазып берсеңер.

Жалпы магистрлерге анкета таратылып берилет.

**Сөзгө чыккандар**:

Абдыкеримова Элиза – Саламатсыздарбы, агай-эжекелер, магистрлер? Анкетага жооп берип жатып, биздин факультетте алгылыктуу жакшы иштер жүргүзүлүп жатканын билдим. Факультетте профессордук-окутуучулук курамдын илимий потенциалы өтө жакшы, илимий-изилдөө борборунда өзүбүзгө тиешелүү илимий адабияттарды колдонобуз. Факультетте бардык тараптан шарттар түзүлөт десем жаңылышпаймын.

Урматбекова Айзирек – Саламатсыздарбы, урматтуу окутуучулар, магистрлер? Менин сунушум: магистратурада окуп жатып, мобилдүүлүк боюнча башка окуу жайларга барып окуп келсек. Ошондой эле жакынкы чет өлкөгө да чыгып, өзүбүздүн окуубузга да кошумча билим алсак жакшы болмок.

Ыдырысова Майрамкан – Саламатсыздарбы? Азыр биз 2-курста окуп, магистрдик диссертацияны жазып жатабыз. Илимий ишти жазууда биз адабияттар менен иштөөдө, макала жазууда кыйынчылыктар болот. Филологиялык билим берүү багытында окуган магистрлер жазуу ишмердүүлүгүн арттыруу максатында мектепте жазуу жумуштарын жүргүзүүнүн методикасы сабагын өтүү зарылдыгын айткым келди. Ошондой эле методикалык изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн ыкмаларындагы кыйынчылыктар болуп, аны билүү максатында предметтер кошулса, окутулса деген сунушту айткым келди.

Абдыганы кызы Асел – Саламатсыздарбы? Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинде сабактар жогорку деңгээлде өтүлөт. Илимдин докторлору, профессорлор, илимдин кандидаттары сабак өтүп, илимде түшүнбөгөн суроолорубузга

жоопторду алабыз. Сунуш катары төмөнкүлөрдү айтсам: өндүрүштүк практикага чыкканыбызда, башка билим берүү мекемелеринде өтсөк. Ошондой эле предметтин жыйынтыгын баалоо технологиясын үйрөнсөк.

Жыйындын негизинде жалпы катышуучулардын пикири эске алынып, төмөнкүдөй

**ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ:**

**1**. Магистрлердин жолугушуусу канааттандырарлык деп табылсын.

**2**. Магистрлердин төмөнкү сунуш-пикирлери эске алынсын:

1) Филологиялык билим берүү багытында окуган магистрлер жазуу ишмердүүлүгүн арттыруу максатында мектепте жазуу жумуштарын жүргүзүүнүн методикасы сабагын өтүү зарылдыгын киргизүү;

2) Предметтин жыйынтыгын баалоо технологиясын үйрөнүү;

3) Илимий макалаларды жазууда кыйынчылыктар болуп жаткандыгы;

4) Методикалык изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн ыкмаларындагы кыйынчылыктар.

**3.**Айтылган сунуш-пикирлер факультеттин Окумуштуулар кеңешине сунушталсын.

Төрага: Турганбаев Н.

Катчы: Заирова Н.

**Көчүрмө анык.**

Катчы: Заирова Н.

1-июнь, 2022-жыл